6. Brennan, J., & Shan T.(2000). Managing Quality in Higher Education. An International Perspective on Institutional Assessment and Change. Buckingham-Philadelphia: OECD, SRHE and Open University Press.
7. Hargreaves, A.(1997). Introduction. Pushing the Boundaries of Education Change. In A. Hargreaves et alii (eds.), International Handbook of Educational Change. I. (pp.281-294). Dordrecht: Kluwer.

**Рецензент: к.п.н. Бийназарова Н.С.**

УДК 378,147: 811.112.2

**Арымбаева Б.А.**
Н. Исанов атындыгы КМКТАУ, ЖМТИ, КЛМАБ кафедрасынын доценттин м.а.

## АНГЛИС ТИЛ САБАГЫН ӨТҮҮДӨ ЖАНЫ ВЕБТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН ЖОЛДОРУ

*Берилген статьяда автор өздүк сайттарында түзүлгөн жаны Веб технологияларды колдонуунун жолдоруна шилтемелерди берип,аларды англис тил сабагын өтүүгө колдонууну сунуштайт.*

**Түйүндүү сөздөр**: *Веб технология, Веб Квест, блог, чат, электрондук окуу*

**Арымбаева Б.А.**
и.о.доц. каф. КЛиМК, ИНИТ, КГУСТА им Н. Исанова

## ПРИМЕНЕНИЕ НОВЫХ ВЕБТЕХНОЛОГИЙ НА УРОКАХ АНГИЙСКОГО ЯЗЫКА

*В данной статье автор дает ссылки на авторских вебсайтов по применению новых вебтехнологий на уроках английского языка и предлагает использовать их на уроках*

**Ключевые слова:** *вебтехнология, Веб Квест, блог, чат, электронное чтение*

**B.A. Arymbaeva**
PhD, Associated professor, dept. of KLIK, INIT KSUCTA n.a. N.Isanov

## APPLICATION OF NEW WEB TECHNOLOGIES IN ENGLISH LANGUAGE LESSONS

*In the given article the author gives links to her websites on using new web technologies and suggests using them for teaching English.*

**Keywords:** *Web technology, Web Quest, blog, chat, electronic reading*

Дүйнөдөгү болуп жаткан техникалык жана илимий өнүгүүлөр күнүмдүк турмушубуздун ар түрдүү тармагында жаңы ар кандай технологияларды колдонууга мүмкүнчүлүк берүүдө.Жаңы информациалык жана байланыш техникасы биздин күнүмдүк жашообуздун ажырагыс бөлүгү болуп калууда. Коомдук жана рыноктук мамилелердин өнүгүүсү жогорку окуу жайда билим алууга да өз салымын кошууда. Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн университеттердин окумуштууларынын изилдөөлөрүн иликтеп карап көрсөк электрондук окутуу аркылуу окутуу келечектеги натыйжалуу жана сапаттуу билим берүүнүн бири болот деп белгилешүүдө.

Маалыматтык жана байланыш технологияларынын жардамы менен электрондук жана салттуу билим берүүнү айкалыштырып окутуу студентердин тил үйрөнүү процесинде зор өбөлгөсүн түзөт. Электрондук окутуунун негизинде Web технологиялардын жардамы менен тил үйрөнүү бул келечекте өсүп келе жаткан жаңы сан ариптик муундун (цифровой) куралы болуп калмакчы.

Ал эми бул терминге Леви мындай деген аныктаманы берет, «Бул *жаны технологиялардын салттуу педагогикага кошулуп билим берүүсү»* *деген аныктаманы берет жана бул ачылыш салттуу педагогиканы алмаштырууга эмес, анын интегралдуу жана баалуу курамы катары келди» дейт*. [Levy,2005:7]Мындан башка да компьютер аркылуу электрондук почта, блог жазуу, чат, виртуалдык конференциянын ар кандай жолдору аркылуу байланыша алат.

Варшавер [1999:4] *Интернеттен окууну жана жазууну үйрөнүүнүн салымы абдан зор деп көрсөтөт. Компьютер технологиялары массалык маалыматта жана байланыш чөйрөсүндө үч этап менен өнүгүп, бизнеске, билим берүүгө жана көңүл ачуу чөйрөсүндө чоң түрткү берди дейт. Компьютер чөйрөсү аркылуу байланышуу өзүнө бир нече каражатты бириктирип, анан алар чогуу жаңыланган ортодо байланыш түзө турган күчтүү куралды пайда кылып, ал курал адамдардын ортосунда байланыш түзөт* дейт.

**Web технологиялар** - бул компьютердин дүйнөлүк желедеги тармагы аркылуу дагы башка тармактарга кошулуу механизми. Бир нече компьютерлер тармак аркылуу өз ара байланышып ар кандай маалыматтарды тез жана ыңгайлуу таап алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул процесс татаал жана ар тараптуу. Веб технологиялар байланыштын жогорку ылдамдыгын сунуштап, каражатты үнөмдөп, компанияны натыйжалуу деңгээлге көтөрөт.Веб технологияларга таянып сабак өтүү бул жаңы ыкма, ал компьютер аркылуу бүткүл дүйнөлүк желенин технологияларынын жардамы менен ар кандай электрондук булактардан сабакка керектүү материалдарды таап берип,берилген жаңы теманы кызыктуу кылып түшүндүрүүгө жардам берет. Ал өз алдынча өзүн өзү башкаруу инструкциясы менен жандуу, мазмундуу кызматты сунуштайт. *Веб технологиялардын артыкчылыгы Интернет менен кошулган, каалаган жерден,каалаган убакта сабакка колдонууга мүмкүнчүлүктү түзөт. Веб курстар бир жерден тармакка жүктөлүп жана кошулуп, ал курсту бүткүл дүйнө жүзүндөгү интернети бар үйрөнүүчүлөр колдоно алышат [WBTIC 1994-2009]*.

Тил класстарында веб технологияларын киргизүү тил үйрөтүүгө жана үйрөнүүгө мугалимдер үчүн да,окуучулар үчүн да жаңы эшигин ачты. Төмөндөгү берилген жаңы технологияларды биз англис тилин окутууга эн керектүү курал экенин баса белгилеп, аны мугалимдерге сабак өтүүдө гана эмес, студенттердин өз алдынча иштөөдө колдонуусуна ылайыктуу эн сонун каражаттар катары сунуштайбыз.

Бул төмөндө берилген сайттар АКШнын Мамлекеттик Билим Берүү Департаментинини долбоорунун колдоо тарабынан АКШнын Орегон Университетинин Америкалык-Англис Тили Институтунда автордун WebSkills online электрондук курсунан билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн негизинде билим жогорулатуу курсунан үйрөнүп глобалдык жэледе түзүлгөн технологиялардан мисал.http://aei.uoregon.edu/

**Веб Квест.** Англис тилинен которгондо web- сеть, желе, quest- изденүү дегенди түшүндүрөт. Бул термин педагогика илиминде – мугалим тапшырманы түзүүдө, маалыматтарды интернеттен издеп, ал жактан керектүү маалыматтарды таап,курска катышкандарга ар кандай гиперссылкаларды берет. Бул сайттар өз алдынча жасалгаланып,түзүлүп, онлайн веб-ресурста сакталат. Катышуучулар Веб-Квестте берилген тапшырмаларды группа менен же өз алдынча аткарышат жана өздүрүнүн веб баракчаларын түзүшүп,берилген тема боюнча өздөрүнүн чыгармачылык тапшырмаларын электрондук,кагаз түрүндө же болбосо оозеки түрүндө айтып беришет.

Биринчи жолу Веб-Квест термини 1995-ж Сан Диего университетинин профессору Берн Додж тарабынан уюштурулган. Автор ар кандай инновациялык интернет тиркемелерди окуу процессине киргизип,ар түрдүү дисциплиналарды ар кандай деңгээлде окутууга колдонуу үчүн сунуштап ойлоп тапкан. Бир катар жакшы Вебквесттердин түзүүчүсү Кентон Леткемен бул технологияны чыгармачылыкты талап кылган окутуунун эң сонун куралы катары деп эсептеген. Вебквесттердин колдонууда катышуучулар даяр маалымат же даяр жооп албайт, алар берилген тапшырманы өз алдынча аткарышат. Веб-Квестте иштөө сабактын төмөнкү иш чараларында жардам берет:

- өз алдынча же топ-топ менен издөө ишин жүргүзүү,
- чыгармачыл ой жүгүртүү жана көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт .
- жеке мамиле жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- критикалык ой жүгүртүүнү арттырат (классификациялоо, салыштыруу, тандоо, түшүндүрүү).

Ушундай касиеттери үчүн веб-квест технологиясын чыгармачылыкты жогорулатуу иш ыкмасы деп айта алабыз.

Интернет булагы аркылуу Вебквестте тил окутуу студенттерден тилди жогорку деңгээлде билүүсүн талап кылат.Өтүлгөн теманы жыйынтыктап,кайталоодо Вебквест технологиясын колдонуп өтүү жакшы натыйжасын берет .




http://zunal.com/webquest.php?w=285376

Берилген ссылкаларда автордун дүйнөлүк желеден түзгөн Веб-квестинен мисал.Бул берилген булакта Академиялык жазуу боюнча сабак ар кандай видео,аудио,диаграммалар жана презентациалар менен коштолуп берилет.

**Блог.** Бул хронологиялык ирээтте коюлган интернеттеги онлайн күндөлүк журнал. Бул технологияда кандайдыр бир кызыкчылыгы бирдей топтогу адамдар өздөрүнүн күнүмдүк турмушунан күндөлүк катары жазып, ой бөлүшүп, бир бирине пикир жазышып турат. Бул бетке ар кандай сүрөттөрдү, видеолорду жана башка кызыктуу материалдарды койсо болот. Бул технология англис тилин үйрөнүүдө критикалык ой жүгүртүүсүн чындап блог, чат, форум катары жаңылыктарды бөлүшүү формасы катары берилет. Блог жазган адамдарды блогерлер деп койобуз. Бул сөздү англис тилинен алганда WEB log деген сөздөн алынган, мааниси тармактагы журнал. Биринчи жолу 1992 жылы Сан Франциско шаарынан Тим Бернер тарабынан түзүлүп 1999 жылдан баштап Blogger.com сайты менен белгилүү боло баштаган. **Өздүк блог.**




Берилген ссылкада блог жана аны **тузуу** технологиясы. Жазылган күндөлүккө группадагы каалаган катышуучулар пикир жазып жообун алышат.http://www.blogger.com/http://burulhanaym.blogspot.com/

Бул жазылган эмгек чет тил мугалимдер үчүн тил үйрөтүүдө студенттерге кызыкчылык арттыруу үчүн элекрондук окутууну өздөрүнүн окутуу процессине киргизүүгө сунуш катары берилет. Бул изилдөөнүн жыйынтыгы улуу индиялык акын Робендрант Тагор айтып кеткен аныктаманын баалуулуктарын камтыйт деген ишенимдебиз:
*“Don't limit a child to your own learning, for he was born in another time!”* “Баланы өзүндүн билим денгээлине салыштырып өлчөбө, ал башка жаны заманда төрөлгөн! ”.Rabindranath Tagore. (n.d.) [Online]

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Абылкасымова, А.Е. Познавательная самостоятельность в учебной деятельности студента [Текст] /А.Е. Абылкасымова.- Алматы: 1998.-160 с.
2.Каниметов Ж. Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү системасын реформалоо жана анын өнүгүү багыттары.И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы.- 2012.- № 3.- 16-20-б.
3.LEVY, J. Envision the future jf e-learning . In: CLO Canada. Voi.13, 2, 2005.
4.WARSCHAUER, M. - SHETZER, H. - MELONI, Ch. Internet for English Teaching. Bloomington: Pantagraph Printing, 2000. 178 p. ISBN 0-939791-88
5 .WBTIC. 1994-2009 Tim Kilby, [online], [cit. 2012. 7.12.]
6.http://aei.uoregon.edu/
7. http://zunal.com/webquest.php?w=285376
8. http://www.blogger.com/
9. http://burulhanaym.blogspot.com/
10.Rabindranath Tagore. BrainyQuote.com. [Online]
11.MALA, E . E-learning as a Part of Blended learning in teaching Foreign Languages. In:CA-CILL: Blennding the Unblendable? Vesela, K.ed. Nitra: PF UKF Nitra, 2011. P . 111-146. ISNB 97\8-80-558-0006-6

**Рецензент:к.филол.н., доцент Жумалиева Г.Э.**

УДК 371.31:80/81

**Бердикеева Р. Ю.**
Ж. Баласагын атындагы КУУнин ага окутуучусу

## ТИЛДЕРДИ ОКУБАГАН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДАГЫ ЧЕТ ТИЛДИ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

*Чет тилинде тилдерди окубаган жогорку окуу жайларында озгочо биздин коомдук кызыкчылыгында башка чет олколор менен эл аралык байланыштарды бекемдоо жана кенейтуудо ошону менен катар маданияттын, илимдин, экономиканын жана сода кызматташтыгынын онугушун ушул онуттуон карагалук обдан актуалдуу.*

**Өзөк сөздөр:** *тил окубаган ЖОЖ, методика, кыраат, суйлой алуу дагдасы иш жузундо тилде суйлой алуу, комплекстуулугу.*

**Бердикеева Р. Ю.**
Старший преподаватель КНУ им. Ж. Баласагына

## К ПРОБЛЕМЕ ОБУЧЕНИЯ ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ В НЕЯЗЫКОВЫХ ВУЗАХ

*Обучения иностранному языку в неязыковых вузах особенно актуальна в интересах нашего общества в укреплении и расширении международных связей с другими государствами и народами, ростом культурного научного, экономического и торгового сотрудничества.*

**Ключевые слова:** *неязыковой вуз, методика, произношение, речевые умения, практическое владение языкам, комплексность.*

**R. U. Berdikeeva**
Senior lecturer KNU n.a. J. Balasagyna

## PROBLEMS OF TEACHING FOREIGN LANGUAGES AT THE NON – LINGUISTIC HIGHER EDUCATIONAL ESTABLISHMENTS

*Teaching foreign languages in non – linguistic higher educational establishment is essential in favor of our society to strengthen and enhance informational relations with other countries and nations. It is connected with the development of cultural, scientific, economic and trade cooperation.*

**Key words**: *non – linguistic higher educational establishments, methods, pronunciation, speech skills, communicative competence, complexity.*

Проблема изучения иностранных языков в неязыковых вузах особенно актуальна в целях повышения эффективности обучения иностранным языкам студентов, у которых иностранный язык не является специальностью. Как известно изучению иностранных языков в неязыковых вузах отводится ограниченное количество времени, программа предусматривает формирование у студентов умений и навыков говорения, чтобы они овладели языком практически, т.е. развить речевые навыки и умения. Студенты должны в короткие сроки научится понимать и переводить оригинальные тексты по специальности одновременно, студентов надо обучить и развить речевые умения, говорение, чтение.

Основными задачами при обучении иностранным языкам в неязыковых вузах является по нашему мнению на начальном этапе постановка и коррекция произношения, первичное обучение чтению в транскрипции и орфографии, обучению простейшим и наиболее распространенным языковым структурам, обучению умению высказывается по ряду вводных тем, таких как «моя семья», «квартира», «на уроке», «мой рабочий день» и т.д.